КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**31.05.2022 ж № 6** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айыл Өкмөтүнөн кум шагыл, кызыл кум, көк кум жана топурак казып алып ташыган жүк ташуучу унааларга тарифти бекитип берүү жөнүндө**

Кум-шагыл, кызыл кум, көк кум жана топурак казып алып ташуу боюнча тарифтерди бекитүү жөнүндө айыл өкмөт башчысы А. Кубанычбековдун сунушун угуп, талкуулап Боо-Терек айылдык аймактык Кенешинин XXXII чакырылышындагы XI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Боо-Терек айыл аймагында жайгашкан карьерлерден казылып алынып ташылуучу курулуш материалдарына, башка айылдан келип ташыган камаздарга төмөндөгүдөй төлөмдөр бекитилсин:
   - 1 камаз кум-шагылга – 300 сом;
   - 1 камаз кызыл кумга - 300 сом;
   - 1 камаз топуракка – 300 сом;
   - 1 камаз селдин көк кумуна – 300 сом.
2. Карьерлерден уруксаты жок, акы төлөбөй курулуш материалдарын ташыгандар үчүн төмөндөгүдөй айып пул бекитилсин:
   - 1 камаз курулуш материал үчүн – 5000 сом;
   - Кызмат көрсөткөн экскаваторлорго – 5000 сом.
3. Кызыктар тараптар менен болуп өткөн сүйлөөшүүлөрдүн негизинде, жергиликтүү жүк ташуучу камаз ээлери бир жылда бир жолу Боо-Терек айылынын көчөлөрүн оңдоого селдин көк кумун ташып берүү милдеттенмеси бекитилди. Камаздарга күйүүчү май айыл өкмөт тарабынан камсыздалат.

   Боо-Терек айылынын жүк ташуучу камаздарынын айдоочуулары тийиштүү карьерлерден акысыз курулуш материалдарды казып ташып алуу боюнча укугу бекитилди. Ошону менен бирге, карьерлерден казылып алынган курулуш материалдары жүк ташуучу унаалардын айдоочулары тарабынан башка айылдарга ташылган учурда, ушул токтомдун 1 пунктунда белгиленген тариф менен акы төлөөнүүсү тийиш.

4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы А. Кубанычбековго милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **А. Мамыралиев**